Ош мамлекеттик университетинин искусство факультетинин

Окуу усулдук бирикмесинин отурумунун

**протоколунан көчүрмө**

Төрагасы: Мойдунов Ж. Т.

катчысы: Мамазаиров М.Л.

Катышты:

Окуу усулдук бирикмесинин мүчөлөрү:

570400 Дизайн, 570700 Костюм жана текстиль искусствосу,550600 Көркөм өнөр искусствосу, 550600 Музыкалык искусствосу даярдоо багыттарынын, 570012 Эстраданын музыкалык искусствосу адистигинин жумушчу топторунун курамы:

Ош шаары 25.08.2023-ж.

**Күн тартиби:**

1. Факультетке тиешелүү даярдоо багыттардын (бакалавр) окуу пландарындагы кесиптик циклдагы дисциплиналардын лекциялык жана практикалык (лабораториялык,семинардык) көлөмүн тактоо жөнүндө.

2. Багыттардын кесиптик өзгөчөлүгүн эске алуу менен тайпаларды комплектациялоо ченемдерине айрым өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө.

**Угулду:** ОшМУнун Искусство факультетинин Окуу усулдук бирикмесинин төрагасы Мойдунов Ж.Т. факультеттин кафедраларындагы даярдоо багыттардын окуу пландарындагы кесиптик циклдагы дисциплиналардын лекциялык жана практикалык (лабораториялык, семинардык) көлөмдөрүнө тактоо киргизүү зарылдыгын билдирди.

**Сөзгө:** Дизайн кафедрасынын башчысы Максытова Г.Т. чыгып, Жогорку билим берүүнүн мамлекеттик стандарттарынын талаптарына ылайык *(компетенциялар тиркелет)* **570400 Дизайн, 570700 Костюм жана текстиль искусствосу даярдоо багыттарынын** спецификалык өзгөчөлүгүн эске алуу менен окуу пландарынын кесиптик циклындагы лекциялык жана практикалык дисциплиналардын көлөмүнө тактоо киргизүү зарылдыгын айтты.

Ал негизинен төмөнкүлөргө токтолду:

Жогорку билим берүүнүн мамлекеттик стандарттарынын талаптарындагы студенттердин образдык жана мейкиндикте ой жүгүртүүсүн,

Сканировано с CamScanner

Элдик музыкалык аспаптарда аткаруу жана ырдоо кафедрасынын башчысынын м.а., улук окутуучу Ормонов Р., Музыкалык тарбиялоонун усулу, теориясы жана хорду дирижерлөө кафедрасынын башчысынын м.а Дүйшеев Э. сөзгө чыгышып, тайпаларды комплектилөөдө студенттердин саны 8 ден кем эмес болушу шарт экендигине токтолушту. Анткени тайпа түзүмүнүн көлөмү калыптандыруу, канчалык мамлекеттик кичине болсо алардын музыкалык сабаттуулугун стандарттарда көрсөтүлгөн компетенциялардын калыптанышы ошончолук эффективдүү боло тургандыгына басым жасашты.

Сүрөт, чийүү жана эмгек кафедрасынын башчысы Марипов А.Т., сөзгө чыгып, көркөм билим берүү жана дизайн багытындагы көркөм графикалык билим берүүдө да студенттердин көркөм сабаттуулугун калыптандыруу маселеси тайпа түзүмүнүн минималдык көрсөткүчүнөн көз каранды экендигин белгиледи. Мындан сырткары Рисунок, Живопись сабактарында ар бир студенттин окуу ишмердүүлүгү мольберт жана башка каражаттары менен $3м^3$ тан кем эмес орунду ээлеш керек жана студент менен студенттин аралыгында тиешелүү мейкиндик сакталышы зарыл бул биздин спецификалык өзгөчөлүгүбүз. Ошондуктан тайпалардын түзүмү 10 дон болсо биздин окуу имаратыбыздын шартында лицензиялык талаптар аткарылмак.

Элдик аспаптарда аткаруу жана ырдоо кафедрасынын окутуучусу 570015 Режиссура 570014 Актердук өнөр адистиктеринин программа жетекчиси Досбаев Т.Ж. сөзгө чыгып, 2022-2023-окуу жылы ичинде кафедранын **570015 Режиссура** (колдонуу жактары боюнча) адистигин мамлекеттик стандарттарга ылайык окуу процессинде НББП, ЖУМУШЧУ ПРОГРАММАЛАРЫ иш кагаздарын иштелип чыгып, киноакадемиянын окуу процесси туруктуу баскычка өткөнүн маалымдайбыз.

Ошону менен бирге эле жогорку курстарда окуп жаткан студенттердин саны аздыгы боюнча маселе жаралууда.

1. Биринчиден жаңы ачылган тармак болгондуктан, анан калса кино жана театр тармагындагы адистикке саналуу гана талапкерлер тапшырган, ошол себеп тайпа толбой калгандыктан актердук, кинооператордук кесипке тапшыргандарды режиссердук топко кошкондуктан, кээ бир актер, кинооператор болом дегендер окууну таштап жэ Бишкек шаарындагы окуу жайга кетишке аргасыз болушкан.
2. Искусство тармагындагы бул кесипке союздун учурунда дале өзгөчө көңүл бурулуп, ГИТИС, ВГИК, ТГТХИ ж.б. театралдык кино өнөр окуу жайларда чектөөсү жок экиден бешке чейинки талапкерден

Сканировано с CamScanner

түзүлгөн студенттер тобу адатта окушкан жана ушул учурда да ошондой окушканы маалым .

Ошол себептүү ОшМУнун искусство факультетиндеги киноакадемия бөлүмүндө окуп жаткан студенттердин саны 6 дан төмөн жагын сааттык төлөм боюнча, ал эми 6 дан баштап тайпа курамын боюнча окуу жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк берилсе жакшы болмок.

Искусство факультетинин магистратура бөлүмүнүн башчысы Равшанбекова Р.А., сөзгө чыгып, 550600 - "Көркөм билим берүү" педагогикалык программасынын "Көркөм сүрөт искусствосу" менен "Музыкалык искусствосу" профилдери жана 570700 - "Костюм жана текстиль искусствосу" программасы боюнча магистратурасы ачылгандан бери жылына магистрлерди даярдоо жогорку деңгээлде жүрүп жатат. Магистрлердин илимий баяндамалары Кыргызстанда эле эмес, чет мамлекеттерден да жарык көрүп, талапка ылайык ар бир магистрант 2ден ашык илимий баяндама чыгарышып, илимий эл аралык конференцияларга катышып, магистрдик диссертацияларын ийгиликтүү коргоп келүүдө. Факультеттин илимий чыгармачылык потенциалы боюнча 3 профессор, 1 эл артист, 2 КРдин маданиятына эмгек сиңирген ишмер, 2 КРдин эмгек сиңирген артисти, 10 КРдин маданиятынын мыкты кызматкери менен билим берүү мыктылары, 6 илимдин кандидаты, доценттер, 1 СССРдин, 8 КРдин Сүрөтчүлөр союзунун мүчөлөрү эмгектенишет. ОшМУнун ички жана сырткы (эл аралык) иш-чараларына жигердүү катышып, искусство факультетинин сүрөтчүлөрүнүн, музыканттарынын жана дизайн адистиктеринин чыгармачылык иштерин көргөзүп, салым кошуп келишет. Ошондуктан искусство факультетинин кесиптик өзгөчөлүгүн эске алып, ошондой эле саналуу гана таланттуу студент-магистранттардын тапшыргандыгын, өлкөбүздө адистердин жетишсиздигин жана аймак үчүн коом талап кылган саналуу гана адистер бүтүп чыгарын эске алып, жогорудагы адистиктер боюнча 2023-2024-окуу жылына кабыл алынган 1-курстагы магистрлерди тайпалык түзүмү 8 ден болсо адис даярдоодо белгилүү компетенцияк жыйынтык алууга шарт түзүлмөк.

Ош мамлекеттик университетинин искусство факультетинин Окуу усулдук бирикмесинин отуруму маселени талкуулап төмөнкүдөй чечим кабыл алды:

**Чечим:**

1. 570015 "Режиссура" 570014 "Актердук өнөр" (специялитет) адистигиндеги студенттердин саны 6 дан, 570700 "Костюм жана текстиль искусствосу" (магистратура), 570400 Дизайн багытынын "Кийим дизайны", "Интерьердин дизайны"(Магистратура) боюнча студенттердин саны 8 ден, 570012

Сканировано с CamScanner

“Музыканын эстрадалык өнөрү” (специалитет), 550600 “Музыкалык искусствосу”, 550600 “Көркөм өнөр искусствосу” 570700 “Костюм жана текстиль искусствосу” багыттарын (бакалавр боюнча) кесипке даярдоодо тайпалардагы студенттердин саны 10 дон кем болбосун.

2. Токтомду бекитип берүү жагы ОшМУнун окуу методикалык бирикмесинен суралсын.

Искусство факультетинин окуу-усулдук

бирикмесинин төрагасы: Мойдунов Ж.Т.

Катчысы: Мамазаиров М.Л.

Факультет боюнча (күндүзгү, сырттан окуу) тайпалардагы студенттердин орточо саны (827 : 57 = 15) 15 студентти түзөт. 2024-2025-окуу жылына ОшМУнун Окум. кеңешинен жана Окуу-мет. кеңешинен чечим чыгарууну сунуштайды.

Макулмун!

Макулмун Токторов К.

Макулмун! Курбанбаева

Мамлекеттик стандартка ылайык макулмун. Абдыева начальник:

24.10.23

Сканировано с CamScanner